| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ<br>БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН<br>БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85, тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85, тел: (03736) 5-00-53

10.03.2023-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезексиз XX-сессиясынын**
**№1-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаардык кеңештин токтомун жокко чыгаруу жөнүндө

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамынын 10-беренесинин, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123-мыйзамынын 39-беренесинин 5-бөлүмүнө ылайык, Базар-Коргон райондук прокуратурасынын ченемдик укуктук актылардын бузулушун четтетүү жөнүндө 2023-жылдын 25-февралдагы №11/1-3-141-23 сунуштамасынын негизинде, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XX-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын 2022-жылдын 24-ноябрындагы кезектеги XVII–сессиясынын №8-токтому жокко чыгарылсын.

2. Токтомдун көчүрмөсү Базар-Коргон райондук прокуратурасына маалымат үчүн жиберилсин.

3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

4. Ушул токтомду Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

10.03.2023-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезексиз XX-сессиясынын**
**№2-ТОКТОМУ**

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын
Союзуна мүчөлүк акы бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123-мыйзамынын 22-беренесине жана Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын Союзунун Уставына ылайык, шаардык кеңештин бюджет-экономика, сырткы жана ички инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусунун жана вице-мэр А.Калмурзаевдин сунушунун негизинде, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XX-сессиясы **токтом кылат**:

1. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын Союзунун Уставынын 3.2 жана 3.7 пунктарына ылайык жылдын биринчи кварталында шаар калкынын санына жараша ар бир жашоочуга 2 сом өлчөмүндө мүчөлүк акы бекитилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэринин убактылуу милдетин аткаруучу Э.Ашыралиевке жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Ушул токтомду Жалал-Абад облосттык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет экономика жана ички сырткы инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловко милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85, тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85, тел: (03736) 5-00-53


10.03.2023-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XX-сессиясынын №3-ТОКТОМУ**

Муниципалдык аймактык башкаруунун Жобосун бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" жана "Базар-Коргон шаарынын статусу жөнүндө" мыйзамдарынын негизинде жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 11-октябрындагы № 197 "Жарандардын кайрылууларын ыкчам жооп кайтаруу жана калк менен өз ара байланышты жакшыртуу жөнүндө " тескемесин аткарууга алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин укук жана мыйзамдуулук, архитектуралык курулуш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусунун жана вице-мэр А.Калмурзаевдин сунушунун негизинде, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XX-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаар мэриясынын "Муниципалдык аймактык башкаруунун Жобосу" бекитилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэринин убактылуу милдетин аткаруучу Э.Ашыралиевке жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Ушул токтомду Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин укук жана мыйзамдуулук, архитектуралык курулуш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Каимовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**